***Иманалиев С.С., Мамбеталиева А., Рысбек кызы А.***

# ЗАМАНБАП БИЛИМДҮҮНҮН БИРИ БОЛУУ – АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ОЙЛОМУНУН ПАРАДИГМАСЫ

**(Алыкул Осмоновдун 100 жылдыгына арналат)**

Бул макалада акындын балдарга арналган чыгармалары жана анын илимий-педагогикалык көз карашы тууралуу сөз болот. Анда ойчул акын бөбөктөрдүн сөздүк байлыгын, логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүдө элдик жаңылмачтардын, макал-лакаптардын мааниси бар экендигин белгилеген. Акындын балдар үчүн жазган орчундуу темаларынын бири – эмгек, окуу жана билимдүүлүк темалары.

Жаз, күз, кай бир учурларда кыш айларында да ал эл аралап кетет. Сөзмөр кишилердин баянына канат. Жандуу сүйлөмдөргө кулак коюп, таамай айтылган канаттуу сөздөрдү, нускалуу кеп-сөздөрдү, макал-лакаптарды эсине тутуп, күндөлүгүнө жазып кайтат. «Жазуучулук эн кыйын кесип, - деп айтат кыргыз эл жазуучусу Т.Сыдыкбеков, - жазуучумун деген адам (ал чыныгы жазуучу болсо), ал баамчыл, адамга арам санабаган, ак пейил, көрөгөч, калыс, кечиримчил, боорукер болууга милдеттүү да». Себеби, ал жазган китеби аркылуу окуучулары менен маектешет. Аларга акыл кеңеш кошот. Тарбия - таалим берет. Турмуштук таасын сабактарды таасын сүрөттөп элестетүү аркылуу адамдарга туура жолду көрсөтөт. Жаштарга Алыкул кеңешин аябады, алардын чыгармачылыгына оюн айтты, таасын талдоолорду менен жаш талантка жардамын берди. Акындын кеп-кеңештеринен да, жаңы өстөнгө теминген татынакай лирикалдуу ырлары, сонун поэма, андан ары адабиятка ат салышкан жаштарга өзүнчө мектеп, аларды жаңы багытка чакырган, жаңы ыкмага, табылгага үйрөткөн жакшы жөрөлгө болду. Андыктан акындын талантына сыйынып, билимдин фундаменти башталгыч класстан баштап түптөлгөндүктөн, коомдо, анын ичинде билим берүү системасында болуп жаткан жаңылануулар тууралуу башталгыч класстын мугалиминин терең маалыматтуу болушу - закон ченемдүү иш. Бул тууралуу акындын чыгармаларында абдан кенен жана жөнөкөйлөштүрүлүп берилген. Акындын балдарга арналган чыгармаларын карап көрсөк бүтүндөй методикалык колдонмолордун түрлөрү бар экенин байкоого болот. Мисалы бешик ырын алып көрөлү,

Кызматчы бол, акын бол,

Ар билимге жакын бол.

Андан айла болбосо,

Энтеңдеген бригад бол.[1]

- деп, баланы бешиктеги кезде эле, б.а. ымыркай жаш курактан эле билимдүү, эмгекчил болууга үндөйт. “Ата журт”;

Жаз да башка... жел тийбесин, абайла,

Көпкө турбас мобул турган сур булут.

Бүт дартыңды өз мойнума алайын,

Сен ооруба мен ооруюн, Ата Журт!

Алыкул көрөгөч, ойчул акын – анын ырларынын маанисин мамлекеттин жарандары, адамдары элдин тагдырына оорчулук, кайгы түшкөндө эстешет, Алыкул мекен-адамдын киндиктештигин, тагдырлаштыгын мекенсиз жашаган бир дагы адамды элестетете албайт. Ата Журт ар дайым ыйык! Мекенди да, адамды да кээде кырсыктар (сур булут) чаларын акыл-эске салат, Алыкул өз оруусуна кайыл, Ата Мекени үчүн ооруйт, жапа чегет.

Ал эми “Кой саадырган келинчек” чыгармасында:

Сенин жашың он беште.

Мектебиңден ашыгып,

Келин болдуң неге эрте?

Дагы эки-үч жыл окусаң

Жарыңды да окутсаң,

Илимпоз болбойт беленер,

Толкунсуз көлдү толкуткан.[2]

“Тоо ичинде мектеп бар” аттуу чыгармасында:

Автобус менен аркырап,

Алайга кетип баратсаң,

Адам жеткис жерлерде,

Ак мектеп турат заңкайган.

Баарында биздин уландар,

Күздөн жазга окуган.

Замандын жөлөк тиреги,

Жаралган жаштык отунан. [3] - деп жазган. Бул чыгармаларды башталгыч класстарда мекен таануу сабагынан биз жашаган жер, айлана-чөйрөнүн кооздугу, туулган жердин

керемети деген темаларды өтүүдө пайдаланууга болот. Башталгыч класстарда жаратылыш тууралуу маалыматты көбөйтүү окуу материалын оордотуп коет. Экологиялык маалыматты калыптандыруу үчүн баланын акылына гана эмес сезимине таасир этүүчү маалыматтарды тандоо зарыл деп белгилейт М.С. Виноградов. Ал эми Л. Семенованын пикири боюнча экологиялык билим берүү аймактык компонент олуттуу мааниге ээ. Экомазмундун аймактык компонентине элдик маданиятты, этнопедагогиканын элементтери да кошулат. Акындын балдар үчүн жазган айтсаң сөз жеткис, тарбиялык мааниси зор ырларынан кездештиребиз.

Кенже мектептик куракта негизинен алганда окуучулардын биологиялык жактан калыптануусу интенсивдүү жүрөт. Биологиялык өнүгүү өзгөчөлүгү менен бирге эле. Бул курактын психикалык калыптанышы жана таанып-билүү ишмердүүлүгү өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөргө ээ болот. Бул курактагы окуучулардын кабыл алуусу элестетүүнүн негизинде жүрөт. Кенже мектептин окуучулары көпчүлүк учурда жаңы берилген маалыматтарды дароо эле факт түрүндө элестетишет. Ошондуктан окуу процессинде мейкиндиктеги көрсөтмө куралдарды пайдалануу натыйжалуулугуна алып келет. Кенже мектептин окуучуларынын эске тутуусу негизинен механикалык болот, ал эми ойлонуусу конкреттүү, предметтик байланышта орун алат. Кенже мектептеги окуучуларды тарбиялоодо жана калыптандырууда мугалимдин, ошондой эле ата-эненин, улуулардын таасири чоң. Алардын окуучуларга карата биргелешкен жана өз ара так, туура мамилелеринин натыйжасында калыптандыруу процессин ийгиликтүү ишке ашырууга болот. [4]

Буга байланыштуу төмөндөгү, “Самолёт ыры”:

Самолёт, Самолёт

Кайда шашып барасың?

Чөнтөгүңө сала кет,

Командирдин баласын.

Самолёт, Самолёт,

Кайда шашып барасың?

Чөнтөгүңө сала кет,

Ударниктин баласын,- деп биринчи класстын алиппе китебинде берилген.

Педагогика илиминде инсанды тарбиялоонун курамдык бөлүктөрү каралган. Алар төмөнкүлөр: а) акыл-эс тарбиясы; б) эмгек тарбиясы; в) дене тарбиясы; д) адеп-ахлактык тарбия; ж) эстетикалык тарбия.

Акыл-эс тарбиясы ар бир тарбиялануучуну илимдин негиздери болгон билим системасы менен тааныштырат жана ага ээ кылат. Билимдин негиздери менен тааныштыруу аркылуу дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүн калыптандырат. Илимдер системасы боюнча билимдердин негиздерине ээ болуу жалпы логикалык ойлонууну, эске тутууну, көңүл коюуну , элестетүүнү, ойлонуунун акыл-эстик мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу үчүн шарт түзөт

Алыкулдун акыл-эс тарбиясына багытталган “Нургүл” чыгармасындагы:

Кундуздай кара чачы бар,

Сегизге келген жашы бар.

Жүрөгү бар дикилдек,

Мектеп десе ашыгар.

Оңой менен кеч кирбей,

Оңой менен таң атпайт.

Эки төртүң сегиз деп,

Жадыбалды бат жаттайт, - деген саптар жаш жеткинчектин билимге болгон кызыгуусун өтө көрөсөндүү сүрөттөйт. Ал эми «Пионер ким?» деген ырында:

Жаман окуп мектепте,

Эне тилден “2” албайт.

Жооп айта албай жер карап,

Атасынан уялбайт.

Жок, пионер “2” албайт,

Пионер деп ушуну айт.

Ача калсаң дептерин:

Жалаң “4”, “5” жаркырайт, -деп, окуу-билимдин балдар үчүн мааниси зорлугун айтып кетет.

Эмгек тарбиясы инсанды ар тараптан жана гармониялуу өнүгүү үчүн орун алган тарбиялоо процессинин негизги бөлүгүнүн бири. Эмгек тарбиясы жаш муундарга эмгектенүү менен, өндүрүштүк мамилелердин негиздерин жана эмгек каражаттарын пайдаланууну үйрөтөт.[5]

Ал эми Алыкулдун балдарга арналган эмгек тууралуу ырларына көз жүгүртүп көрөлү.

“Коля” аттуу ырында;

Узун кайыш камчыны колуна алып,

Ат сарайдын артына далдаланып,

Кош ат чеккен арабага ыргып түшөт,

Атасынын жогунан пайдаланып.

Коля досум ким болор турмушсыңар,

Танкист болор, а, балким, учкуч чыгар.

Бирок анын ата ишин сүйгөндүгү

Ар эмгектин өзүнчө жыргалы бар. [6]

«Кара чыйырчык» деген ырынан:

Кара чыйырчык көрсөңөр,

Урбагыла таш менен.

Жыгачтан уя салгыла,

Ала шалбырт жаз менен.

Кара чыйырчык көрсөңөр,

Атпагыла жаа менен.

Тал башына коуздоп,

Үй салгыла кепкенен.

«Бак тигели» деген ырынан:

Бак тигели жүргүлө,

Биздин мектеп алдында.

Кең казалы арыгын,

Бирден күрөк алгыла.

Алма, өрүктүү бак өссө,

Биздин мектеп алдында.

Ал эми дене тарбиясы ар бир инсандын туура жетилишине, калыптанышына шарт түзүүгө багытталган. Физиологиялык жактан туура жетилген инсан гана ар тараптан жана гармониялуу өнүгө алат. Дене тарбиясы бардык билим берүү системасындагы тарбиялоонун негизги бөлүктөрүнүн бири. [7]. Алыкул Осмонов дене тарбиясына да кайрылбай койгон

эмес. Алсак, “Физкультура” ырында балдарга дене тарбиясынын маани-маңызын ачып көрсөткөн.

Футбол теп, шахматты бил, чебер жүрүп,

Жеңип чык жигиттерди четке сүрүп.

Жарышкын, секиришкин, диска көтөр,

Антпесең теңтуштарың жүрөр күлүп.

Ооруну соолор сүйбөйт, оору жаман,

Соолуктун атасы ким ? – Физкультура! [А.О.542-543-бб].

“Куштар кетти” ырында;

Чабалекей жакшы эле,

Жарышып чуркап ойносок.

Бүгүн келип карасак,

Уясы турат. Өзү жок.

Кара чыйырчык жакшы эле.

Жарышып күлүп ойносок,

Кайда кеткен балдары,

Уясы калган өзү жок.[А.О.550-б].

Адеп-ахлактык тарбия ар бир жаш тарбиялануучуда коомдо өзүн алып жүрүү маданиятын, курчап турган адамдар менен туура мамиле түзүүнү үйрөтөт. Адеп-ахлактык нормаларга чынчылдык, акыйкаттык, айкөлдүк, жоопкерчилик, тартиптүүлүк, эмгектенүү ошондой эле патриоттуулук сыяктуу адамдык баалуулуктар кирет.[8]

Алыкулдун адеп-ахлактык тарбияга багытталган чыгармалары арбын. Айрымдарын айта кетпесек болбос. “Жаш жеткинчектер” аттуу ырында;

Кээ бирин колума алып көтөргөмүн,

Көтөрсөм, көтөрүлгөн көңүлдөрүм,

Келишкен кең далылуу улан болгон,

Кечеки кетик тиштүү жаш бөбөгүм.

Кел иним. Кел, бөбөгүм жолуң ачык.

Замандын кызматына биздей машык.

Өлкөнү өз көркүнө келтирели.

Сынган таш, кирпичтерин кайра ташып.

«Тору тай» деген ырында:

Мектеп менен айылдын.

Арасы он беш чакырым.

Китеп кабым асынып,

Мен барамын акырын.

Бышты болуп өткөндө,

Жигит болуп өлкөдө,

Чек арада турабыз

Жол бербей жолбун өткөнгө. [А.О.547-б].

Эстетикалык тарбия бир жаш муунда туура эстетикалык нормаларды, талаптарды жана каалоолорду калыптандырууга багытталган-деп окумуштуу - педагогтор белгилешет. [9]

“Китепти сүй”:

Сүттөй таза тилеги,

Деңиздей кең талабы.

Көктөй тунук акыйкат,

Анын ар бир барагы.

Арамдыктан тазалап.

Жакшылыкка ээрчитет.

Ошондуктан баркын бил,

Кирдебесин бир чети.

Сыя төгүп булгабай,

Жакшы сакта китепти.

Китептин душманы

Ким китепти кирдетсе,

Китеп баркын билбесе,

Жулуп алып барагын,

Орой койсо бир нерсе:

Ал китептин душманы.

А. Осмонов билимге өтө кызыккан адам болгонун чыгармаларынын көбүнөн байкоого болоорун белгилебей кетүүгө эч мүмкүн эмес.

***Бат эле мен чоң окууга барбасам,***

***Жанды берип абдан окуп салбасам.***

***Өмүрүмдүн баары кетсе мейличи,***

***Билимдүүнүн бири болуп калбасам.***

Азыркы дүйнөдө эң башкы байлык, капитал - бул адам. Долбоор түзүп, аны ишке ашырган билимдүү адам. Тез өнүгүп бараткан Чыгыш өлкөлөрүндө баарыбызга статискадан маалым болгондой, табият байлыктары, ресурстары чектелүү, бирок алар басымды адам ресурстарына жасашат. Билим байлыктын жана бардар жашоонун ачкычы. Биздин Нарын мамлекеттик университети да адискөй, билимдүү адистерди даярдоо үчүн ачылып, ушул багыттарда элге кызмат көрсөтүп келе жатат.

Жыйынтыгында, А.Осмонов кыргыз элинин педагогикалык ойлому менен таанып-билүүчүлүк ойлорун айтуу менен чектелбестен, аларды терең өнүктүргөн акын. Балдардын толук инсан катары калыптанышындагы негизги түшүнүктөр - эмгек, окуу жана билимдүүлүк, тарбиялуулук, адеп-ахлактуулук ж.б., башкы адамдык сапаттарды аныктаган касиеттер, акындын ырларында кеңири ачылып, окурмандын рух дүйнөсүнүн белгилүү катмарында жайгашып инсаният-коом байланышында миңдеген жүрөктөрдү ширетип, кыргыз агартуучулугунун жүгүн аркалай берет. Адам өмүрүндө з*аманбап* ***<u>билимдүүнүн бири болуу</u>*** - Алыкулдун кредосу, жаштарга айтылган агалык улуу насаат экендигин жадыбызта терең сактайлы.

**Адабияттар:**

1.А.Осмонов. I том. Б. 1990. «Салам» басма үйү. -150-б.

2.А.Осмонов. I том. Б. 1990. «Салам» басма үйү. - 220-б.

3. Педагогиканын негиздери.  Б. 2008.  73-74-бб.

***<u>Рецензент: ф.и.к., доцент Чоробаева Н.А.</u>***